IN CCI'M HUMAN

# АДАМ УКУКТАРЫН САКТОО БОЮНЧА ЖОБО

Coca-Cola İçecek (CCI) 10 000 ден ашык кишини жумуш менен камсыз кылат, жана өз ишин Азербайжан, Бангладеш, Ирак, Иордания, Казакстан, Кыргызстан, Пакистан, Сирия, Тажикстан, Түркия, Түркмөнстан жана Өзбекстанда жүргүзөт.

## АДАМ УКУГУН СЫЙЛОО

Адам укугун сыйлоо CCI-дын негизги баалуулугу болуп саналат. Биз кызматкерлер, жеткирүүчүлөр, бизнес-өнөктөштөр менен өз ара мамилелерибиздин алкагында жана өз ишмердүүлүгүбүздү жүргүзүп жаткан коомчулуктарда адам укугун сыйлоого жана илгерилетүүгө өбөлгө жана шарт түзүүгө умтулабыз. Бул Жобо Адам Укуктарынын жалпы декларациясына, ошондой эле, Адам укуктары жөнүндөгү эл Аралык биллге жана Эл аралык эмгек уюмунун эмгек тармагында негиз салуучу принциптер жана укуктар жана аны уюштуруу декларациясына (1988-жылы 18-май айында өткөн Эл аралык эмгек уюумунун Генералдык конференциясынын 86-сессиясында кабыл алынган), Бириккен Улуттар Уюмунун Глобалдык келишими менен Бириккен Улуттар Уюмунун адам укуктары жана ишкерлик тармагында жетектөөчү принциптерине негизделген.

Бул Жобо биздин Coca-Cola İçecek компаниябызга, ага таандык болгон ишканаларга, акциянын контролдук пакети ага таандык болгон ишканаларга, ошондой эле ал башкарып турган ишканаларга колдонулат. CCI, өзүнүн жеткирүүчүлөрүнө жана бизнес өнөктөштөрүнө ушул принциптерди колдонууга жана аны менен бирге өз ишмердүүлүгүндө бирдей саясатты кармоого чакырат.

Биз менен бирге бизнеске тартылган жактарга карата адам укугунун бузулушу тобокелдигин алдын алуу жана мындай бузууларды табуу үчүн комплекстүү юридикалык текшерүүнү колдонобуз. Биздин ишмердүүлүк менен байланышкан жагымсыз кесепеттерди тапкан учурда, компания кырдаалды тийиштүү деңгээлде оңдоо максатында өз ара кызматташууну камсыз кылууга же жөндөөгө умтулат. Биздин компаниянын үчүнчү жактар менен мамилелеринин натыйжасында келип чыккан негативдүү кесепеттерди жоюуда, бузууларды четтетүү каражаттарына жеткиликтүүлүктү камсыз кылабыз.

CCI Аткаруу Комитети Адам укуктарын сактоо боюнча жобосун ишке ашырууга көзөмөл жүргүзөт.

## КООМ ЖАНА КЫЗЫКДАР ТАРАПТАР МЕНЕН КЫЗМАТТАШУУ

Биз өзүбүз иштеп жаткан коомдун бир бөлүгү болуп саналганыбызды моюнга алабыз. Биз адам укуктары алкагында ар түрдүү коомчулуктар менен жана мындай коомчулуктардын ар кандай өкүлдөрү менен кызматташабыз, анын ичинде адам укугун коргоо маселесиндеги аялуу жана социалдык корголбогон топтордун пикирлерин жана көз караштарын баарлашуу аркылуу үйрөнүп жана эске ала алабыз. Биз, жергиликтүү мүнөздөгү маселелер жергиликтүү деңгээлде чечилиши керек деп эсептейбиз. Зарыл болгон учурда биз жарандык коомдун ар кандай өкүлдөрү менен жана адам укуктары маселелери боюнча кызыкдар тараптар менен өз ишмердүүлүгүбүздү жүргүзүп жатканда өз-ара кызматташабыз.

## КӨЗ КАРАШ ЖАНА МАДАНИЙ БААЛУУЛУКТАРДЫН КӨП ТҮРДҮҮЛҮГҮ ЖАНА АЛАРГА КОШУЛУУ

Биз көз караштардын жана маданий баалуулуктардын ар түрдүүлүгүн баалайбыз жана колдоого алабыз жана биз менен бирге иштеп жаткан адамдардын умтулуусун ишке ашырууга умтулабыз. Биз бирдей мүмкүнчүлүктөрдү берүүгө умтулабыз жана CCI-да интервьюдан өтүү, жумушка орношуу, кызматка дайындалуу, окутуу, сыйлоо жана кызматтык жогорулатуу үчүн, квалификация, иш өндүрүмдүүлүгү, көндүмдөр жана иш тажрыйбасы негиз болуп саналат. Жумушчу күчтөгү көп кырдуулук биздин максаттарга жетүү үчүн зор мааниге ээ. Ошентип, биз толеранттуу көз караштары менен коомдун ар кандай катмарларынан таланттарды өнүктүрүүгө жана кармоого умтулабыз.

## БАСМЫРЛООГО ТЫЮУ САЛУУ

Биз жумуш ордунда расалык, жыныстык, улуттук белгилери, теринин түсү жана социалдык келип чыгышы, диний ынанымдары, жаш курагы, майыптуулугу, сексуалдык багыты, гендердик идентификациясы жана гендердик өзүн чагылдыруусу, саясий ынанымдары боюнча, ошондой эле башка бардык белгилери боюнча, биздин колдонуудагы мыйзамдарга ылайык басмырлоодон же куугунтуктоодон эркин шарттарды түзүүгө умтулабыз.

Биздин Компания басмырлоого, сый-урматсыз же адекваттуу эмес жүрүм-турумду, адилетсиз мамилени жана репрессиянын бардык түрүн эч кабыл албоо саясатын кармайт. Жумуш ордунда же жумаштан тышкары бардык жерлерде ар кандай кырдаалдарда жумуш менен байланышкан куугунтуктоо аракеттерине жол берилбейт.

## КЕСИПТИК БИРЛИКТЕРГЕ БИРИГҮҮ ЖАНА ЖАМААТТЫК КЕЛИШИМ ТҮЗҮҮ ЭРКИНДИГИ

Биз кызматкерлерибиздин кесиптик бирликтерди түзүүгө, ага мүчө болуп кирүүгө же кирбөөгө болгон укугун сыйлайбыз. Мындай аракеттер үчүн кызматкерлерди эч ким ар кандай себептер менен куугунтуктабайт жана коркутпайт. Кызматкерлердин атынан мыйзам негиздеринде иштеп жаткан кесиптик бирликтер менен конструктивдүү диалог мамилесин орнотууга милдеттенебиз. CCI аталган өкүлдөр менен сүйлөшүүлөрдү ак ниеттен жүргүзүүгө милдеттенет.

IN CCI'M HUMAN

## КООПСУЗДУК ТЕХНИКАСЫ ЖАНА ЭМГЕК ГИГИЕНАСЫ

Биздин кызматкерлердин коопсуздугу жана ден соолугу артыкчылыктуу мааниге ээ. Биздин саясат жумушчу орунда жагымдуу жана коопсуз эмгек шарттарын түзүү, ошондой эле эмгекти коргоо тармагындагы ченемдик актылар жана ички талаптар, коопсуздук техникасы жана эмгек гигиенасы тууурасында мыйзамдардын талаптарына ылайык келүү. Биз өз кызматкерлердин жардамы аркылуу, ден соолук үчүн аныкталган бир күтүүсүз кырсыктардын тобокелдиктерин, жаракат жана кесетепеттерин табуу жана четтетүү жолу менен коопсуз, дени сак жана өндүрүмдүү жумуш шарттарын камсыз кылууга аракеттенебиз жана колдоого алабыз.

## ЖУМУШ ОРДУНДАГЫ КООПСУЗДУК

Биз жумуш ордунда тышкы жана ички коркунуч менен байланышкан зомбулуктун, куугунтуктоонун, коркутуунун, ошондой эле башка коркунучтуу же татыксыз көрүнүштөрдүн жок болушун камсыз кылууга умтулабыз. Кызматкерлердин коопсуздугу үчүн, ага зарыл жеке жашоого кол тийбестиги, адамдын абийирин жана кадыр баркын сыйлоону эске алуу менен бардык чаралар көрүлөт.

## МАЖБУРЛАНГАН ЭМГЕК ЖАНА АДАМДАРДЫ СООДАЛОО

Биздин компанияда мажбурланган эмгектин бардык түрлөрүнө, анын ичинде абакта камактагылардын эмгеги, окуучулардын келишиминин негизиндеги эмгек, милдеттенме менен байланышкан эмгек, аскерлердин эмгеги, кулдардын эмгеги жана башка адамдарды сатуунун бардык формасы бар эмгекти колдонууга тыюу салынат.

## БАЛДАРДЫН ЭМГЕГИ

Компания 18 жашка чыга элек жактарды зыяндуу шарттары бар кызматтарга алууга тыюу салат.

## ИШ СААТТАРЫ, АЙЛЫК АКЫ ЖАНА ЖӨЛӨК ПУЛ

Биз кызматкерлерге жергиликтүү эмгек рыногундагы жана тармактын алкагындагы атаандаштыкка жөндөмдүү жана колдонуудагы жамааттык келишимдердин шартына ылайык келген сый акы төлөп беребиз. Иште биз айлык акы жөнүндөгү колдонуудагы мыйзамды, жумуш убагынын узактыгын, жумуштан тышкаркы убакытты жана жөлөк пул тууурасындагы мыйзамды толугу менен кармайбыз. Биз өз кызматкерлерибизге көптөгөн мүмкүнчүлүктөрдү сунуштайбыз, анын жардамы менен алар өз жөндөмдүүлүктөрүн жана көндүмдөрүн өнүктүрө алышат, ошондой эле мансаптык илгерилөө үчүн мүмкүнчүлүк беребиз.

IN CCI'M HUMAN

## ЖЕР ЖАНА СУУ РЕСУРСТАРЫН КОЛДОНУУ УКУГУ

Биз иш жүргүзүп жатканда жер жана суу ресурстарын колдонууда адам укугун реализациялоого олуттуу таасир тийгизишин моюнга алабыз жана аларды биз атайын саясат жана иш чаралардын алкагында жөнгө салабыз. Биз адамдын туруктуу суу менен камсыз болушуна, коопсуз ичүүчү сууга жана экосистемаларды жана жамааттарды коргоого болгон керектөөсүн сыйлайбыз, аларды биздин “Курчап турган чөйрөнү коргоо боюча саясатыбыздын” алкагында тийиштүү санитардык профилактика жолу менен жүзөгө ашырабыз.

## КЫЗМАТКЕРЛЕРГЕ АРНАЛГАН КОЛДОНМОЛОР ЖАНА БУЗУУЛАР ТУУРАСЫНДА МААЛЫМАТ БЕРҮҮ ЫКМАЛАРЫ

Биз  бардык кызматкерлердин ортосундагы өз ара ачык жана чынчыл мамилелерди баалаган жана сыйлаган иштөө шартын камсыз кылууга аракет кылабыз. CCI өзү иштеп турган жерде, эмгек жана иш менен камсыз кылуу тууарасында бардык колдонуудагы мыйзамдарды сактоого умтулат. CCI ошондой эле окутуу жана жыл сайын тастыктоо аркылуу кызматкерлердин Адам укугун сактоо боюнча жобо менен таанышуусун камсыз кылат.

Ушул жобо менен мыйзамдардын, каадалардын жана өзү иштеп жаткан жердин тартиптеринин ортосунда каршы пикирлер бар деп эсептеген бардык кызматкерлер, же болбосо ушул Жобого карата суроосу бар кызматкерлер, же болбосо ушул Жобону бузушу мүмкүн деп эсептегендер, жашыруун арыз бергиси келген кызматкер, жетекчиликтин жергиликтүү өкүлдөрүнө, Адам ресурстарын башкаруу бөлүмүнө, Этика маселелери боюнча жергиликтүү инспекторго же Этика маселелери боюнча корпоративдик инспекторго кайрылышы керек. Кызматкерлер ошондой эле бузуулар тууарасында  CCI Ethics Line: www.cciethicsline.com/ коопсуз сайты аркылуу,  же болбосо акысыз телефон номерине чалып билдире алышат : +90 212 371 07 32,  же болбосо  cci@cciethicsline.com электрондук дарегине жазышы керек. Ушул Жобонун бузулушу тууарасында билдирген кызматкерге карата куугунтуктуу же жооп аракеттерин көрүүгө тыюу салынат. CCI кызматкерлердин билдирүүлөрүн иликтөөгө алат, карап чыгат, ошондой эле бардык бузууларга карата тийиштүү чараларды көрөт.

Адам укуктарын сактоо боюнча жобо CCI Этика кодексинин жоболоруна шайкеш келет. Бул Жобо, анын котормолору жана ага тийиштүү маалыматтарды, CCI-дын интернет сайтынан табууга болот: http://www.cci.com.tr

## КООМ АЛДЫНЧА ОТЧЁТТУУЛУК

Биз  адам укугу тууарасындагы биздин милдеттенмелерибизди, аракеттерибизди жана билдирүүлөрүбүздү бул Адам укуктарын сактоо жобосунун негизинде жылдык Туруктуу өнүгүү докладында жарыялайбыз. Мындай отчет берүү БУУнун отчет берүүнүн жетектөөчү принциптерине шилтеме келтирет.

*CCI бул эрежелерге каалаган убагында өзгөрүү киргизүүгө укуктуу. Ушул Жобонун эч кандай бөлүгүндө CCI жана анын кызматкерлеринин ортосундагы келишимдин болушу, же бул программага катышуу CCI компаниясына туруктуу ишке орношуусуна кепилдик бербейт.*